**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезектеги жыйынынын №2 протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

2023-жылдын 16-октябры
Ош шаары, ЭМФ, 2-корпус.
Төрайым – Ысмаилова Р.А.
Катчы – Исаева М.А.
Катышкандар: 16
Келбегени: 1

**КҮН ТАРТИБИ:**

**3.** Студенттердин билимдерин баалоо механизмдери, дисциплиналар боюнча түзүлгөн баалоо каражаттарынын фонду (БКФ), алардын актуалдуулугун жана сапаттуу түзүлүшүн талкуулоо.

**Угулду:**

**Кафедра башчысы ф.и.к., доц. Р.Ысмаилова** күн тартибинде каралуучу маселе менен кафедранын окутуучуларын тааныштырып өттү жана бул боюнча окутуучулардын ой-пикирлерин билдирүүлөрүн сунуштады.

**Сөзгө чыкты:**

**Усулдук кеңештин башчысы, улук окутуучу А.Маматова**: – Кафедрадагы ар бир дисциплинанын өзгөчөлүктөрүнө ылайык баалоо каражаттары түзүлгөн. Баалоо каражаттары окутуунун натыйжаларына дал келет. Баалоо каражаттарынын фондунда баалоо каражаттарынын ар бир түрүнүн критерийлери көрсөтүлгөн жана баалоо каражаттарынын түрдүү формалары үчүн жалпы критерийлер иштелип чыккан. Менин сунушум, дисциплиналар боюнча иштелип чыккан аталган критерийлерди кайрадан карап чыгып, толукталышы керек.

**Сөзгө чыкты:**

**Ф.и.к., доцент Г.Орунбаева: –** Баалоо каражаттары дисциплинанын бардык темалары (бөлүмдөрү) үчүн түзүлгөн. Жогоруда белгиленгендей, баалоо каражаттары дисциплинанын окутуу натыйжаларынын негизинде ар бир окутуучу тарабынан иштелип чыккан. Баалоо каражаттарынын ар түрдүү формалары үчүн жалпы критерийлердин актуалдуулугун эске алуу менен толуктоолорду киргизүүнү сунуштаймын.

Кафедранын жалпы жамааты жогоруда айтылган сунуштарды бир добуштан колдошту.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

3. Дисциплиналар боюнча иштелип чыккан студенттердин билимдерин баалоо механизмдери, дисциплиналар боюнча түзүлгөн баалоо каражаттарынын фонду (БКФ) канааттандырарлык деп эсептелсин жана жогоруда аталган сунуштар эске алынсын.

Төрайым: Ысмаилова Р.А.

Катчы: Исаева М.А.